| Кыргыз Республикасы<br>Ош облусу<br>Алай району<br>Кабылан-Көл айылдык кеңеши | | Кыргызская Республика<br>Ошская область<br>Алайский район<br>Кабылан-Колский айильный кенеш |
|---|---|---|

Кабылан-Көл айылдык Кеңешинин 6 – чакырылышынын кезектеги 7-отурумунун

ТОКТОМУ

2023-ж 3-октябрь. № 7 /2 Кабылан-Көл айылы

Калктын саламаттыгын сактоодо жана айыл ичиндеги санэпидемиологиялык тазалыктардын сакталышы жана калкты тейлөөдөгү айылдык эмканалардын иштеринин аткарылышы жөнүндө

Калктын саламаттыгын сактоодо жана айыл ичиндеги санэпидемиологиялык тазалыктардын сакталышы жана калкты тейлөөдөгү айылдык эмканалардын иштеринин аткарылышы жөнүндө талкуулап Кабылан-Көл айылдык Кеңешинин отуруму

**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1. Кабылан-Көл айыл өкмөтүндөгү калктын саламаттыгын сактоодо жана айыл ичиндеги санэпидемиологиялык тазалыктардын сакталышы жана калкты тейлөөдөгү айылдык эмканаларда иштеген үй бүлөөлүк дарыгерлердин иш алып барып жаткандыгы белгиленсин.

2. ФАПтагы медицина кызматкерлери тарабынан калктын саламаттыгын сактоодо, жугуштуу оорулардын алдын алууда, кош бойлуулуктун коркунучтуу белгилери боюнча алдын-ала түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн. Диспансердик учетто тургандарга жана 16 жашка чейинкилерге рецепт аркылуу оорусуна карап, ай сайын дарылар берилсин.

3. Кургак учук боюнча учетто турган жарандарга иче турган дарылары үзгүлтүксүз берилип турсун жана 1-жардамга муктаж адамдарга оорунун түрүнө карабастан бекер жардам берилсин.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө саламаттыкты сактоо,билим берүү, социалдык маданий жана жаштар менен иштөө боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрайым:** **З. Абдыкадырова**